Конокова А., Мурзалиева А.Ш.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ЭТИШТИ ЖАҢЫ ЫКМАЛАР МЕНЕН ОКУТУУ

Конокова А., Мурзалиева А.Ш.

# ОБУЧЕНИЕ ГЛАГОЛАМ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ НОВЫМИ МЕТОДАМИ

Konokova A., Murzalieva A.

# TEACHING VERBS IN PRIMARY SCHOOL USING NEW METHODS

УДК: 371.31

Башталгыч класстардын окуу программаларында окуучулардын кептик ишмердүүлүгү калыпка салынып, сөз өстүрүү, байланыштуу кепти өстүрүү маселелери каралат. Анда байланыштуу кепти өстүрүүдө монологдук, диалогдук кептердин маанисин, оозеки жана жазуу кептеринин байланыштуу кепти өстүрүү маселесиндеги орду жана ролу эле эмес, байланыштуу кепке үйрөтүүнүн методдорунун жана ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү жана байланыштуу кепти өстүрүүнүн теориялык-практикалык маселелери өңдүү проблемалар каралат. Башталгыч класстарда лексикалык-грамматикалык түшүнүктөрү калыптанып, сөздүн уңгусу, ага мүчө жалганып жаңы лексика пайда болорун, сөздөргө мүчөлөр жалганып формасынын өзгөрүүсүн билип, сөз туркүмдөрү жөнүндө жана текст менен иштөө процесси башталат. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн методикасында байланыштуу кепти өстүрүүдө тексттин орду жана мааниси, байланыштуу кепти өстүрүү процессинде окуучуларды текст түзүүгө үйрөтүүнүн ыкмалары, окуучулардын монологдук кебин өстүрүү, окуучуларды дилбаян жазууга көнүктүрүү жана байланыштуу кепке үйрөтүүнүн ыкмалары өңдүү маселелер изилдөөгө алынат. Текст менен иштөө үчүн көнүгүүлөр, кептин стилдери менен иштөө үчүн көнүгүүлөрдүн үстүндөө иштөө көндүмдөрүн, байланыштуу кепти өстүрүүнүн методикалык талаптарын иликтөөгө далалат жасадык.

Ачкыч сөздөр: сөз өстүрүү, сөз жасоо, сөз түркүмдөрү, этиш, этиштин чактары, монолог.

В образовательных программах начальных классов формируется речевая деятельность учащихся, рассматриваются вопросы развития словарного запаса и связанного с ним речевого развития. В ней рассматриваются не только значение монологической, диалогической речи, место и роль устной и письменной речи в развитии родственной речи, но и особенности методов и способов обучения родственной речи, теоретические и практические вопросы развития родственной речи. В младших классах формируются лексико-грамматические понятия, формируется корень слова, новый словарный запас путем присоединения к нему частей и начинается процесс работы с текстом. В методике развития связной речи рассматриваются такие вопросы, текста в развитии связной речи, приемы обучения учащихся созданию текста в процессе развития связной речи, развитие монологической речи учащихся, привыкание учащихся к созданию связной речи к написанию сочинении, а также изучаются методы обучения связной речи. Упражнения по работе с текстом, навыки работы над упражнениями по работе со стилями речи, методические требования к развитию сопутствующей речи.

Ключевые слова: словообразование, словообразование, группы слов, глагол, времена глаголов, монолог, диалог.

In primary school educational programs, students' speech activity is formed and speech development issues related to speech development are considered. It examines not only the importance of monologue, dialogic speech in the development of related speech, but also the place and role of oral and written speech in the development of related speech, the features of techniques and methods of teaching related speech, as well as theoretical and practical problems of the development of related speech. In the lower grades, lexical and grammatical concepts are formed, the sound of words is added to them, a new vocabulary is formed, and the process of working with word groups and text begins. The methodology for the development of coherent speech defines the place and meaning of the text in the process of developing related speech, methods of teaching students to create text, developing monologue speech of students, encouraging students to write essays, as well as methods for addressing issues of teaching speech. Exercises for working with text made it possible to study the methodological requirements for speech development in relation to working conditions in exercises for working with speech styles.

Keywords. word formation, word formation, phrases, verb, monologue, dialogue, speech activity.

Тил - адамдар ортосундагы пикир алышуунун куралы. Адам баласынын тили чыккандан баштап эле зат менен кыймыл-аракетти айкалыштырып сүйлөп баштайт: нан жейм, суу ичем, топ ойнойм, алма

алып бер ж.б.у.с. Тил илиминде эң алгачкыбиринчилерден болуп, профессор К.Тыныстанов кыргыз тил илиминдеги сөз түркүмдөрүн семантикалык-грамматикалык жактан экиге бөлгөн: атоочтор жана этиштер деп (Эне тилибиз. II. М., 1928.). Окумуштуу курама этиштер жана улама этиштер деп жалпы аныктамасын берип, өткөн чактын өзүн өзүнчө бөлүп көрсөтөт (өткөн чакты үчкө бөлөт: Берки чак: одоно; жекелик; көптүк түрү. Байыркы чак: жекелик одоно; көптүк одоно; жекелик сылыктык түрү; көптүк сылыктык түрү. Күдүк чак: жекелик одоно; көптүк одоно; жекелик сылыктык түрү; көптүк сылыктык түрү) келер чак. Келер чакты экиге бөлгөн: жакынкы чак (жакында иштеле турган жана иштелүүгө ишенилген аракетти –жакынкы чак дейбиз); азыркы чак (көптө иштеле турган жана иштелиши күдүк болгон аракетти – азыркы чак дейбиз). Учур чак – башталган, бирок аяктала элек аракетти - учур чак дейбиз деген. Окумуштуу К.Тыныстанов: чакчыл этиштер, буйрук этиштер, өтүнүч этиштер, тилек этиштер, шарттуу этиштер, ниет этиштер, өткөн чактын ниет этиштери, келер чактын ниет этиштери, учур чактын ниет этиштери, кайталанма чакчыл этиштер, суроолуу этиштер, атоочтуктар жана чактар деп бөлүштүрүп, аныктамаларын берген. Ал, кый, ут, ор, чеч, ич, өт, бүт, сана, тааны, тоору, оро, чене, бөлө, күбү деген этиш сөздөрдү иликтөөгө алган (Q. Tinistanop. Qirgiz tilinin morfologiyasi. Frunze, QIRMEMBAS 34. -56-83-б.). Тилекке каршы “улутчул” деп күнөөлөнүп ак жеринен репрецияга кабылган.

Андан кийин кыргыз тил илиминин грамматикасын окумуштуулар: И.А.Батманов, К.К.Сартбаев, Ы.Жакыпов, А.Жапаров, С.Кудайбергенов, Б.Орузбаева, К.Дыйканов, Т.Садыков, И.Абдувалиев, Б.Сагынбаевалар иликтешкен. Б.А.Гайыпова этишти семантикалык топторго бөлүштүрүп, анын ичинен абал этиштерди изилдөөгө алган.

Башталгыч класстардын окуу программаларында сөз өстүрүү, байланыштуу кепти өстүрүү маселесинин чагылдырылышы заман талабына жараша жаңылануга тийиш болгон. Алгач эне тилди окутуунун тарыхына учкай токтолсок. Көрүнүктүү кыргыз окумуштуусу, кыргыз тилин окутуунун методикасын негиздөөчүлөрдүн бири профессор К.К.Сартбаевдин методологиялык багыты азыркы мезгилде да актуалдуу. Ал эне тилин окутуунун усулдук-ыкмалык негиздерин, методдорун үчкө бөлүп караган: “1) илимий-методикалык мурастарды, окуу китептерин, окуу куралдарын үйрөнүү, талдоо; 2) окутуу жумуштарына максаттуу түрдө байкоо жумуштарын жүргүзүп, аларды талдоо жана жыйынтыктоо; 3) эксперимент жумуштарын жүргүзүү” деп көрсөткөн [Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. -Фрунзе, 1978. 28-б.].

Эне тилин окутууда башталгыч класстардын окуучуларынын байланыштуу кебин өстүрүү процессинде окуу программаларын параллелдүү үйрөнүп отуруу талабы келип чыгары анык. Башталгыч класстардын окуу программалары эне тилин окутуунун программалык жана методологиялык багыты болуп саналат жана окуу китептериндеги материалдардын окутулушуна, бөлүштүрүлүшүнө негиз болуп, шарт түзүп берет. Башталгыч мектептин мугалими аталган окуу программаларына жана окуу китептерине таянат жана ошонун негизинде окуу, окуу-методикалык жана тарбиялоо процессин иш жүзүнө ашырып келет. Ошону менен бирге методика илими бир орунда турбайт − ал өнүгүүдөгү кыймылдап турган процесс. Ал илимий-техникалык прогресстин, заманбап технологиялык жетишкендиктердин, илимий-методологиялык жаңычылдыктардын арымы менен тең катарда өнүгүп отуруусу зарыл. Азыркы күндө жана келечекте заманбап адистерди даярдап чыгуу талабы – окутуунун жаңычыл усулдарын жана ыкмаларын иштеп чыгууну көздөйт. Ошондуктан да башталгыч класстардын окуучуларын окутуу процессиндеги «бүгүнкү методика илиминин алдында тил жана кеп, тил жана ойлоо, тил жана таанып-билүү, окуучулардын оозеки сүйлөөсүн, жазуу кебин өркүндөтүү, кеп ишмердиги боюнча баалуулуктарды (көндүмдөрдү) калыптандыруу, тил аркылуу өзүн таануу, эл таануу, өлкө таануу, адеп, ыйман, маданият ж.б. маселелерди чечүү, ийкемдүү методдорду иштеп чыгуу сыяктуу ашкере олуттуу милдеттер турат” [Чыманов, Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. –Бишкек: Турар, 2009. 204-б. ].

Башталгыч класстардын окуу программасында (1996) эне тилин башталгыч класстарда окутуунун негизги максаты − окуучулардын сабатын ачып, тилдик түзүлүштүн мыйзам ченемдүүлүгүнүн баштапкы негиздерин сезимдүү кабылдоо, балдардын табият тартуулаган тилдик жөндөм шыктарын, жалпы эле ой жүгүртүүлөрүн, инсандык сапаттарын өстүрүүгө шарт түзүү» деп белгиленет. Окуу программаларында негизги максаттын бири катары балдардын сөзүн өстүрүү, өзүнүн оюн, укканын, көргөнүн, окуганын ыраттуу сүйлөп жана жазып бере алууга көнүктүрүү маселеси эске алынбаган.

Эне тилин окутуунун максаты төмөнкүдөй милдеттерди аткаруу аркылуу ишке ашуусу каралат:

- башталгыч класстардын окуучулары аң-сезимдүү түрдө түшүнүп окуп, окугандыгы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуялардын байланышын ача билип, аны бөлүктөргө ажыратып, план түзүп сүйлөй жана жаза билүүсүнө, сөз каражаттары менен иштей алуусуна, чыгармаларды жанрдык жактан айырмалап, каармандардын кулк-мүнөзүнө, иш-аракеттерине баа берип, тиешелүү деңгээлде

мугалимдин жардамы менен өз алдынча чыгарма жарата алуусуна жетишүүнү;

- кеп маданиятын көтөрүп, ага болгон мамилесин калыптандырууну;
- тиешелүү деңгээлде чыгарма жарата алуусун; чыгарманы талдоо менен жаратуунун ортосундагы байланышты ача билүүсүн камсыз кылуу [Башталгыч класстардын программалары. Эне тили, математика, Мекен таануу. –Б., 1996. 3-б.].

Окуу программасында баштапкы билим берүү баскычында тил, адабият жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөр калыптангандыгына карабастан бардык иш аракеттер, негизинен, кепти өстүрүүнүн, кеп маданиятынын айланасына топтоштурулат деп жакшы айтылган. Ошондуктан эне тилин окутуунун башталгыч билим берүүдөгү бөлүмдөрүнүн ар бири кеп өстүрүү менен коштолуп, тилди үйрөнүүнүн практикалык жагына басым жасалат:

1. Сабакка үйрөтүү жана кеп өстүрүү.
2. Адабият окуу, класстан тышкаркы окуу жана кеп өстүрүү.
3. Фонетика, грамматика, жазуу эрежелери жана кеп өстүрүү [Башталгыч класстардын программалары. Эне тили, математика, Мекен таануу. –Б., 1996. 4-б.].

I класс: Оозеки кептин стили. Диалогдогу жана аңгемедеги образдуу көркөм кеп, сүйлөшүү.

Ойду бере билүү, укканын, окуганын айтып берүүгө үйрөтүү.

Байланыштуу сүйлөө. Өзүнүн текстин түзө билүү, аңгеме, жомок, ыр ж.б. Баяндоо, ой жүгүртүү, ар кандай жагдайларга карата өз оюн берүү.

Сүйлөө, кеп маданияты.

I класстан баштап байланыштуу кепке системалуу үйрөтө баштоо, албетте, программа түзүүчүлөр тарабынан туура методикалык кадам болуп саналган. Мында негизинен байланыштуу кептин оозеки формасы колдоого алынат: оозеки кептин стили; укканын, окуганын айтып берүү; байланыштуу сүйлөө; өз текстин түзө билүү; баяндоого, ой жүгүртүүгө көнүктүрүү, өзү жөнүндө кыскача баяндоо жөндөмүнө ж.б. үйрөнөт. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебинде сөз байлыгы кеңейе баштайт. Тагыраак айтканда, тексттин маанисин, маңызын толук түшүнүп калат.

II класс: Байланыштуу сүйлөө. Кеп жана анын турмуштагы мааниси. Өзүнүн оозеки, жазуу жүзүндөгү кебине байкоо жүргүзүү. Текст. Андан айрым бөлүмдөрдү таба билүү, текстке ат, тема коюу. Өз оюн айтып, жазып берүү. Сүйлөм түзүү. Кыска аңгемелерди түзө билүү. Бул класста эми оозеки кептен тышкары жазуу кеп маселеси каралат. Тексттин бөлүктөрүн ажырата билүү, темасын табуу жана ага ат коюуну үйрөнүү. Кыска аңгеме түзүүгө көнүгүү жумуштары талап кылынат. Ал эми сүйлөм түзүү байланыштуу кептин эмес, синтаксистин обьектиси болору бышык.

III класс: Окуучулардын сүйлөө жөндөмүн, оозеки жана жазма кебин өстүрүү. Кеп, анын көркөм жана иштиктүү түрлөрүн айырмасын үйрөтүү. Текст аны бөлүктөргө ажыратуу, аларга ат коё билүү, текстке план түзүү (мугалимдин жетекчилиги менен). Тексттинтүзүлүшыраааты. Баяндама. Даяр текст же план боюнча баяндай билүү. Аңгеме (оозеки, жазуу) мазмундуу сүрөт же тема боюнча аңгемелешүү. Кыска мазмундуу кат жазабилүү. Кептин үлгүлөрү. Иштиктүү кагаздар (чакыруу кат, куттуктоо, өтүнүч). III класста кептин көркөм жана иштиктүү стилдерин (түрлөрүн эмес) өздөштүрүү; мугалимдин жетекчилиги менен план түзүү; баяндама түзүү; кат жазууга көнүктүрүү өңдүү кептик ыкмалар өздөштүрүү каралат.

IV класс: Байланыштуу сүйлөө. Кеп жана анын турмуштагы мааниси. Окуу-иштиктүү кептин өзгөчөлүгү. Текстке карай оозеки өз кебин түзө билүү. Тема жана тексттин негизги мазмуну. Текст түзүү. Баяндама жана аңгеме түзүү (план боюнча, өз алдынча, класста, мугалимдин жетекчилиги менен). Кыскача жана толук план боюнча аңгеме жана баяндама. Кептин үлгүлөрү (ишкагаздары) [14.Башталгыч класстардын программалары]. IV класста I-III класстарда өздөштүрүлгөн кептик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү системага салуу жана өздөштүрүү маселелери такталат.

Башталгыч класстардын окуучуларына шар окуу, окуп түшүнүү, түшүнгүн айтып берүү, жазуу кебинин көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси биринчи орунда турушу шарт, окуу жана жазуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өзгөчө маани берилет, анткени окуу, жазуу сабаттуулугун тереңдетет.Эне тилди окутууда башталгыч класста эле сөз жасоо, сөз тутуму жана сөз түркүмдөрү жөнүндө алгачкы маалыматтар берилет. Зат атооч заттын атын; сан атоочтор заттын санын, көлөмүн, салмагын; сын атоочтор сын-сыпатын, формасын билдирерин; этиштин чак, жак категорияларын окуп үйрөнүшөт. Учурдун талабына жараша жаңы технологияларды пайдалануу менен үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрү жайылтылууга тийиш. Этиштин чактарын окутууда учурдун талабына жараша компьютерди, жаңы технологияларды (жасалма интеллекти) пайдаланса болот.

| Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| | | |

| Жалпы учур чак | Азыркы учур чак | Айкын келер чак | Арсар келер чак | Айкын өткөн чак | Жалпы өткөн чак | Капыскы өткөн чак | Адат өткөн чак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ал гимназияда окуйт. | Ал гимназияда окуп жатат. | Ал шаардан эртең келет. | Ал шаардан эртең келер. | Ал токойдон келди. | Ал токойго барган | Ал токойго барыптыр | Ал токойго бат-бат барчу. |

https://www.youtube.com/watch?v=ColfuAPJDdq

Өтүлгөн жаңы сабакты төмөнкүдөй бышыктаса болот:

... иштеп жатат, ...уктайт, ...чертип жатат, ...атып жатат, ...келишет, ...башкарып турат, ...санайт, ...сана, ...санап жатат. ...отургузулган, ...отургузулуптур деген этиш сөздөрдү катыштырып үч чактын биринде сүйлөм түзгүлө.

| Этиштер | 1- жак | 2-жак | 3-жак |
|---|---|---|---|
| Жаз<br>Кел<br>Көр<br>Бас<br>Каз | жазып жатам | жазып жатасың. | жазып жатат. |

- төмөнкү схема боюнча этиш сөздөрдү учур чак жана келер чакта жактап чыккыла.

Этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүшүп, сүйлөмдүн негизги белгилерин, айтылыш максаттарына жана маанилерине ылайык сүйлөмдүн жай суроолуу жана илептүү болуп бөлүнүштөрү, сүйлөмдөрдүн аягына коюлуучу тыныш белгилерди коюу ыкмаларын үйрөнүшөт. Алгачкы синтаксистик талдоонун ыкмасын үйрөтүлөт. Аны сүйлөмдөрдү уюштуруудагы ролуна карата алардын баш мүчөлөрү (ээ, баяндооч) жана айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп бөлүнүшү тууралуу маалымат берилет. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнө бирдей суроо берилип, бир өңчөй мүчөлөрдөгү байланыштыруучу каражаттар (байламталар, интонация) бирдей болуп, коюлуучу тыныш белгилер да окшош болот. Аларга кандай суроо берилери, сөз айкашы менен сүйлөмдүн айрмачылыктарын өздөштүрүп, тилдик деңгээлдери жогорулайт. Текстеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн чегин аныктоо. Тексте кездешкен суроолуу, жай, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдүн интонациясын туура сактоо.

Натыйжада башталгыч класста этиштин чак категориясын толук өздөштүрүп, төмөнкүдөй көндүмдөргө ээ болушат:

| | |
|---|---|
| 1-класс | Байланыштуу кептин оозеки формасы колдонуу; оозеки кептин стили; укканын, окуганын айтып берүү; байланыштуу сүйлөө; өз текстин түзө билүү; баяндоого, ой жүгүртүүгө көнүктүрүү; өзү жөнүндө кыскача баяндоо көндүмдөрүнө ээ болот. |
| 2-класс | Өзүнүн оозеки, жазуу жүзүндөгү кебине байкоо жүргүзүү; текст түзүү; текстке ат, тема коюу; өз оюн айтып, жазып берүү;. сүйлөм түзүү;кыска аңгемелерди түзө билүү көндүмдөрүнө ээ болот. |
| 3 – класс | Окуучулардын сүйлөө жөндөмүн, оозеки жана жазма кебин өстүрүү; кептин түрлөрүн, анын көркөм жана иштиктүү түрлөрүн айырмасын үйрөнүү; текстке план түзүү (мугалимдин жетекчилиги менен);иштиктүү кагаздар (чакыруу кат, куттуктоо, өтүнүч); кептин көркөм жана иштиктүү стилдерин өздөштүрүү көндүмдөрүнө ээ болот. |
| 4-класс | Текст түзүү; баяндама жана аңгеме түзүү (план боюнча, өз алдынча, класста, мугалимдин жетекчилиги менен); Кептин түрлөрү, стилдик түшүнүктүн баштапкы үлгүлөрүн (иш кагаздары) өздөштүрөт. |

Окуу программасындагы “Адабий окуу жана кеп өстүрүү” деген бөлүгүндө да кепти өстүрүү маселеси колго алынган. Анткени, адабий окуу сабактарын баланын байланыштуу сүйлөөсү жана

байланыштуу жазуусу менен эриш-аркак алып кетүү методологиялык туура жол болуп саналары бышык. Тексттин кептин түрлөрүнө ылайык түзө билүү максатында жана пунктуациялык нормаларды сактоо үчүн, синтаксистик негизги бирдиктер менен (синтаксисти үйрөнө турган негизги маселелери менен) тааныштыруу.Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк. Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу (негизги сөз) жана багынуучу түгөйлөр, алардын өз ара байланышуу жолдору: маанилик (ыкташуу) жана грамматикалык (башкаруу, таандык) түрлөрү.

Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөүрүнүн, татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн интонациясын туура сактоо. Көркөм текст түзүүдө жай, суроолуу, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдү, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, тике, бөтөн сөздөрдү айтыла турган ойдун кырдаалына карай адабий тилдин стилдик нормасына карай колдоно билүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Ошондуктан башталгыч мектептин окуучуларына маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуунун артыкчылыктарын эске алуу менен төмөнкү маселелерди эске алуубуз зарыл:

- Окуучулардын сынчыл ойлоосун калыптандырып, өз алдынча изилдөөсүн, байкоосун, талдоосун жана өсүп өнүгүүсүн өрчүтүп, калыптандыруу менен сабаттулугун арттыруу;
- Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, тилдик деңгээлди жогорулатуу үчүн тапшырмаларды жана мультимедиалык каражаттарды сабакта колдонуу;
- Башталгыч класстан баштап эле окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү максатында кыймыл-аракетке багытталган тапшырмаларды берүү жана окутуунун заманбап технологияларын колдонуу.

Адабияттар:


1. Башталгыч класстардын программалары. Эне тили, математика, Мекен таануу[Текст ]. –Б., 1996. -58б.
2. Сартбаев, К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст] // К.К.Сартбаев . – Фрунзе, 1978.
3. Тыныстанов, К. Эне тилибиз. II. М., 1928.). []
4. Tinistanop, Q. Qirgiz tilinin morfologiyasi [Текст] // Frunze, QIRMEMBAS 34. -56-83-б.).
5. Чыманов, Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы [Текст] // Ж.А.Чыманов. –Бишкек: Турар, 2009. -448б.
6. https://www.youtube.com/watch?v=ColfuAPJDdq